**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик**: **080302- «Коммерция»**

**Квалификация: Сатуу боюнча менеджер**

**Бишкек 2022**

## 1-бап. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 580300-«Коммерция» адистиги боюнча аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

2. Аталган Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр колдонулду:

- **Негизги кесиптик билим берүү программасы –** тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессинин максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана уюштурууну жүзөгө ашырууну регламенттөөчү окуу-усулдук документациянын жыйындысы;
- **дисциплиналар цикли** – белгиленген максаттарга жана окутуунун, тарбия берүүнүн натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүккө ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль** – белгиленген максаттарга жана окутуунун, тарбия берүүнүн натыйжаларына карата белгилүү бир бүтүндүккө ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенция** – окуучунун белгилүү тармакта натыйжалуу жемиштүү ишмердиги үчүн зарыл болгон анын билим берүү даярдыгына карата алдын ала берилген социалдык талап (ченем);
- **кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун жыйынтыгында ээ болгон компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердиктин конкреттүү түрүнүн алкагында анын мазмунуна коюлуучу талаптарды аныктоочу жана ишмердиктин түрүнө карабастан, кандай гана уюм болбосун, анда өзүнүн укуктуу ордун ээлөө үчүн ага жооп берүүчү кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөөчү негизги документ.

Аталган Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу аталган адистик боюнча маркетологдорду даярдоодо менчиктин формасына карабастан кайсы мекемеге тиешелүү болбосун, орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүүчү мекемелер үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-бап. Колдонуу тармагы

3. Орто кесиптик билим берүүдөгү аталган Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – ОКББ МББС) 580300-«Коммерция» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында тийиштүү адистиктер боюнча лицензиясы бар, менчиктин формасына карабастан кайсы мекемеге тиешелүү болбосун, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүүчү мекемелер тарабынан орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоочу окуу уюштуруучу-усулдук документацияларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

4. 580300- «**Коммерция**» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр эсетелет:

- аталган адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу укугуна ээ болгон билим берүүчү уюмдардын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- аталган адистик боюнча КОБОЖдун негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүсү жана даярдык деңгээли боюнча өзүнүн окуу ишмердигин натыйжалуу ишке ашырууга жоопкерчиликтүү студенттер;
- тийиштүү кесиптик ишмердик жаатындагы адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыздоочу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү финансылык жактан камсыздоочу билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүүн системасында мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл кылуучу, аккредитацияны жана кесиптик орто билим берүү жаатында сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- Билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоону ишке ашыруучу аккредитациялык агенттиктер.

## 3-бап. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 580300-«**Коммерция**» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү формасы:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан

(аталган адистик боюнча кесиптик орто билим алуунун мүмкүн болгон формасы көрсөтүлөт).

6. Орто жалпы билим берүүнүн базасында күндүзгү формада окутууда кесиптик орто билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмес убакытты түзөт. Аталган кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашырууда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим билим берүүнүн программасына интеграцияланган орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программасын (10-11-класстар) ишке ашырууда, орто билим тууралуу документ (аттестат) берилбейт, ал эми предметтер боюнча баалар кесиптик орто билими тууралуу документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриент тапшырып жатканда төмөнкү документтердин бирине ээ болуусу керек:

- жалпы орто билими тууралуу аттестат;
- негизги жалпы билими тууралуу күбөлүк.

9. Окутуунун сырттан жана күндүзгү-сырттан (кечки) формасы боюнча маркетологду даярдоодо, ошондой эле окутуунун ар кыл формаларын айкалыштырууда, кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан окутуунун күндүзгү формасында белгиленген ченемдик өздөштүрүү мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун жыйынтыгы боюнча башка адистик боюнча жогорку кесиптик же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өтүлгөн) айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым практикалар боюнча окутуунун жыйынтыгын толугу менен же айрым-айрым кайрадан тапшырта алат.

Негизги кесиптик орто билим берүү программасын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү башка ченемдик-укуктук актылар аркылуу бекитилет.

10. Окутуунун күндүзгү формасы боюнча маркетологду даярдоодо негизги кесиптик орто билим берүү программасын өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу 120 кредиттен кем эмес. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредиттен кем эмес өлчөмгө барабар (окуу процесси эки семестр деп түзүлгөндө).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде, аудитроиялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окутуу формасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларынын, ошондой эле окутуунун ар кыл формасын айкалыштырууда жана аралыктан билим берүү технологияларын колдонгон учурда эмгек сыйымдуулугу бир окуу жылында 45 кредиттен кем болбошу керек.

11. 580300- «**Коммерция**» адистиги боюнча негизги кесиптик орто билим берүүнүн окутуудагы максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ортоңку звенодогу ата мекендик жана эл аралык эмгек рыногунда талап кылынган, ошондой эле өмүр бою үзгүлтүксүз билим алууга багытталган, квалификациялуу адисти даярдоо;
- бүтүрүүчү тандап алган ишмердик чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөсүнө жана эмгек рыногунда туруктуу болууга мүмкүндүк берүүчү кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык жалпы жана кесиптик компетенцияларды өнүктүрүү.

Инсанды тарбиялоо жаатында 580300- «**Коммерция**» адистиги боюнча негизги кесиптик орто билим берүүнүн окутуудагы максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-студенттердин социалдык-жеке сапаттарын: максатка умтулуусун, уюштургучтугун, эмгекти сүйүнү, жоопкерчиликти, жарандуулукту, коммуникативдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруу, алардын жалпы маданиятын жогорулатуу.

12. 580300- «**Коммерция**» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердиги жааты өзүндө төмөнкүлөрдү камтыйт:

-товардык айлануу жаатында, соода сыяктуу (ички жана тышкы) бизнес түзүлүштөрүндө иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү (анын ичинде билим берүү) уюштуруу;

- өндүрүштүк, соода-сатык жана сервистик уюмдарда коммерциялык ишмердикти уюштуруу жана жүргүзүү.

- бүтүрүүчүлөр ортоңку деңгээлдеги аткаруучулар катары иштеген башкаруу аппаратынын ар кандай кызматтарында бардык уюштуруучу-укуктук формаларды (коммерциялык, коммерциялык эмес, мамлекеттик, муниципалдык) ж.б. уюштуруу.

- бүтүрүүчүлөр жеке ишин түзүүчү жана өнүктүрүүчү ишкерлерге айлана турган түзүлүштөр.

13. 580300-«**Коммерция**» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин объектиси болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, б.а., сатуу-сатып алуу же алмашуу үчүн рынокко келип түшкөн материалдык жана материалдык эмес өндүрүштүн продукциялары (керектөөчү товарлар, өндүрүштүк-техникалык багыттагы товарлар, кызмат көрсөтүүлөр, кыймылсыз мүлк, баалуу кагаздар, насыялар, руханий-маалыматтык, интеллектуалдык продуктылар ж.б.);

- сервистик уюмдар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар;

- баштапкы эмгек жамааттары.

14. 580300-«**Коммерция**» адистиги боюнча кесиптик ишмердиктин түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- Өндүрүштүк-технологиялык;
- Уюштуруучу-башкаруучулук;
- Тажрыйбалык-эксперименталдык

15. 580300 «**Коммерция**» адистиги боюнча даярдоонун бүтүрүүчүсү кесиптик ишмердиктин түрүнө ылайык төмөнкүдөй кесиптик тапшырмаларды аткара билиши керек:

15.1. Өндүрүштүк-технологиялык:

– технологиялык процесстерди жүргүзүүнү камсыздоо, ченемдик жана технологиялык документацияга ылайык технологиялык процесске карата талаптарды аткарууга көзөмөл жүргүзүүдө технологиялык процесстерди жүргүзүүнү камсыздоо; технологиялык жабдууларды натыйжалуу пайдалануусуна көзөмөл жүргүзүү; чийки затты, материалдарды жана тараны рационалдуу пайдаланууга көзөмөл жүргүзүү; продукциянын жараксыз болу себептерин анализдөө жана аларды жоюу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу.

15.2.Уюштуруучу-башкаруучу:

- товарларды тандоону уюштуруу, товардын запасын жана ассортиментин калыптандыруу, кардарларды тартуу, товар алып келүүчүлөрдүн тармагын түзүү;

- Логистикалык процесстерди башкаруу, анын ичинде логистикалык схемаларды жана соодадагы жана коомдук тамактанууда логикалык чынжырды иштеп чыгуу.

15.3. Тажрыйбалык-эксперименталды:

- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногун изилдөө жана анализдөө;

- ассортименти жана товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн изилдөө

- товар айланууда бизнес-технологияларын изилдөө жана моделдөө;

- коммерциялык ишмердиктин натыйжалуулугун анализдөө жана баалоо;

- коммерциялык ишмердикти оптималдаштыруу максатында анын маалыматтык-усулдук камсыздалышын изилдөө;

- маркетингдик изилдөөлөрдү уюштуруу, жүргүзүү жана алардын натыйжалуулугун баалоо;

16. 580300-«**Коммерция**» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүдөй даярдыкка ээ болушу керек:

- аталган тармактагы кесиптик ишмердикке;

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүсү;

- тездетилген программалар боюнча тийиштүү профилдер боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүсү:

080403-«Товар таануу жана керектөөчү товарлардын сапатынын экспертизасы»

## 4-бап. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун жалпы талаптары

17. Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы

адистик боюнч тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагында, квалификациялардын тармактык/сектордук жана кесиптик стандарттардын (эгер болсо) алкактарында иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдар билим берүүнүн саатынын кепилдигин камсыздоо боюнча сунуштарга ылайык илим, маданият, экономика, техника, технология жана социалдык чөйрөдөболуп жаткан өнүгүүлөрдү эске алуу менен негизги кесиптик билим берүү программасын кеминде 5 жылда бир жолу төмөнкүчө жаңылантып турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияны иште чыгуу;

- билим берүү программаларынын мониторинги, мезгилдүү рецензиялануусу;

- студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын так макулдашылган критерийлердин негизинде баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;

- барды кишке ашырылуучу билим берүү програмаларын жетиштүү ресурстар менен камсыздоо, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, анын ичинде окуучуларды сурамжылоо менен;

- өз ишмердигин (старетгиясын) баалоо жана башка билим берүүчү уюмдар менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча байма-бай өзүн текшерип туруу;

- өз ишмердигинин, пландарынын, инновацияларынын жыйынтыгы тууралуу коомчулукка маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо кезектеги, аралык жана жыйынтыктоочу аттестацияларды камтууга тийиш.

Студенттердин кезектеги аттестациясы кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан аныкталган (педагогикалык кеңеште бекитилген) баалоонун модулдук-рейтингдик истемасынын негизинде жүргүзүлөт.

Студенттердин аралык аттестациясы ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык дисциплиналар боюнча семестрдеги кезектеги аттетациянын жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу баа (экзамендик аттестация) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүүчү программанын этаптык жана акыркы талаптарына студенттердин персоналдык жетишкендиктеринин туура келүүсүн кезектеги, аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы үчүн билимдерди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенциялардын деңгээлин баалоо үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, модулдук тесттерди камтыган баалоочу каражаттардын базасы түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базасы

кесиптик орто билим берүүнү жүзөгө ашыруучу билим берүүчү уюм тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцяларын калыптандырууда кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдун мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюм милдеттүү:

- өзүнүн социо-маданий чөйрөсүн калыптандырууга;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин, анын ичинде, студенттик өз алдынча башкарууну, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачыл клубдарды, илимий студенттик коомдорду өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдардын негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны камтышы керек. Студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны калыптандыруунун тартибин кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдун педагогикалык кеңеши аныктайт.

21. Кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюм төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын калыптандыруусун реалдуу мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылуу;
- негизги кесиптик билим берүү программасын калыптандырууда студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштыруу;
- студенттерге алар тандап алган дисциплина милдеттүү болуп эсептелерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүү.

22. Негизги кесиптик билим берүү программасында каралган студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн алкагында, студенттер конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

23. Кесиптик орто билим берүүдө билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдардын негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

24. Негизги есиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжага жетишүү максатында студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, илимий студенттик коомдордун иштерине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдык көлөмүндө жумасына 45 саат белгиленген, анын ичинде бардык аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрү каралган.

Окутуунун күндүзгү формасында аудиториялык сабактардын жумалык көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталат жана ар бир дисциплинаны окуп үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем эмес бөлүгүн түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштерге бөлүнгөн саатка аталган дисциплина боюнча экзаменге (модулга) даярданууга бөлүнгөн убакыт да кирет.

26. Окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) формасында аудиториялык сабактын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында студент мугалим менен сабак өтүүгө жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыздалышы керек.

28. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес убакытты түзөт.

## 5-бап. Негизиг кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. «**Сатуу боюнча менеджер** » квлификациясын ыйгаруу менен 580300 «**Коммерция**» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүүнүн максаттарына жана кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11- жана 16-пункттарында белгиленген кесиптик ишмердиктин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

***а) жалпы ЖК:***

ЖК1. Жеке ишмердигин уюштуруу, кесиптик ишмердикти аткаруунун усулдарын жана ыкмаларын тандоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

ЖК2. Көйгөйлөрдү чечүү, стандарттык жана стандарттык эмес кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкерчиликтүүлүк;

ЖК3. Кесиптик жана жеке өнүгүүнүн кесиптик милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн маалыматты издөө, түшүндүрүү жана колдонуу;

ЖК4. Кесиптик ишмердикте маалыматтык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу;

ЖК5. Команда менен иштөө, кесиптеши, жетекчилик, кардарлар менен натыйжалуу баарлашуу;

ЖК6. Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагылардын) иши жана аларды жумуш ордуларында окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгына жоопкерчиликти өз мойнуна алуу;

ЖК7. Өзүнүн инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик ишмердигинде эмгек шарттарынын жана технологияларынын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу;

ЖК8. Кичине жамааттарды уюштуруу-башкаруучу иштерине даяр болуу.

***б) кесиптик КК:***

КК1. Өзүнүн кесиптик ишмердигинде ченемдик документтерди колдонууга, мыйзамдарды аткарууга жана ченемдик документтердин

талаптарын аткарууга жөндөмдүү;

КК2. Кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык аппаратты колдоно алат;

КК3. Өзүнүн кесиптик ишмердигинде ченемдик документтерди колдонууга, мыйзамдарды жана ченемдик документтердин талаптарын аткарууга жөндөмдүү;

*а) коммерциялык-уюштуруучулук ишмердүүлүк:*

КК4. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ассортиментин жана сапатын башкарууга, алардын сапатын баалоого, дефекттерин диагноздоого, товарлардын сапатынын тийиштүү деңгээлин жана алардын сакталуусун камсыздоого, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын натыйжалуу текшерүүгө, товарларды сапаты жана саны боюнча кабыл алууга жана каттоого жөндөмдүү;

КК5. Бизнес-процесстерди прогноздоого жана алардын натыйжалуулугун прогноздоого жөндөмдү.

*Текшерүүчү-технологиялык ишмердүүлүк:*

КК6. Чийки заттын, материалдардын жана даяр продукциянын сапатын текшерүү; даяр продукциянын стандарттык жана сертификаттык сынактарын жүргүзүү; өндүрүштү текшерүү жүргүзүү;

*Уюштуруу-башкаруучу ишмердүүлүк:*

КК7. Аткаруучу коллективдин ишин уюштуруу; өндүрүштүк иштерди пландаштыруу жана уюштура билүү;

КК8. Стандарттык эмес кырдаалдар шартында ишти пландаштырууда жана жүргүзүүдө оптималдуу чечимдерди тандай билүү;

КК9. Өндүрүштүк участокто коопсуздук техникасын камсыздоого катышуу;

КК10. Иштин сапатын текшерүүнү ишке ашырууга жөндөмдүү;

КК11. Өндүрүштүк ишмердиктин экономикалык натыйжалуулугун баалоого катышууга жөндөмдүү;

*Тажарыйбалык- эксперименталдык*:

КК12. Товардын сапатын баалоону уюштурууга жана жүргүзүүгө катышуу;

КК13. Кесиптик ишмердик жаатында кызмат көрсөтүү процесстерин оптималдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгууга катышуу.

30. Негизги кесиптик орто билим берүү төмөнкүдөй блокторду жана окуу циклдерин өзүндө камтыйт:

1-блок. "Дисциплиналар (модулдар)":

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый-илимий цикл;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия;

2-блок "Практика";

3-блок "Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация".

Кесиптик орто окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялардын алкагына ылайык окутуунун натыйжасына жетишүү үчүн жоопкерчиликтүү.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысы жана алардын эмгек сыйымдуулугун кесиптик орто окуу жайы өз алдынча, блокто көрсөтүлгөн көлөмгө жараша, квалификациялардын улуттук алкагында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн жыйынтыгына карата талаптарды эске алуу менен аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдеги милдеттүү дисциплиналардын ишке ашырылышын камсыздашы керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Көрсөтүлгөн дсциплиналардын мазмуну жана аларды ишке ашыруу тартиби тийиштүү адистик боюнча кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасы аталган кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына тиркелүүчү түзүлүшкө ылайык иштелип чыгат.

31. Дисциплиналардын ар бир цикли базалык жана элективди бөлүктөргө ээ болууга тийиш. Элективдик бөлүгү студенттерге дисциплинанын базалык бөлүгүнүн мазмунунда аныкталуучу билимдерин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө, тереңдетүүгө мүмкүндүк бериши керек. Элективдик бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан, ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүгүнө негизделүү менен аныкталат.

Милдеттүү бөлүгүнүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан көп эмес көлөмүн түзүшү керек.

Кесиптик орто окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (алардын арыздары боюнча), алардын психо-физикалык өнүгүүсүн, жеке че мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүүчү программа боюнча окууга жана зарыл болсо, алардын мүчүлүштөрүн оңдоону жана көрсөтүлгөн адамдардын социалдык ыңгайлашуусун камсыздоочу мүмкүнчүлүк бериши керек.

32. **Сатуу боюнча менеджер** даярдоонун негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окулуп жаткан дисциплинанын профилине туура келүүчү, жогорку же кесиптик орто билими бар жана системдүү түрдө илимий жана (же) илимий-усулдук ишмердик менен алектенген педагогикалык кадрлар тарабынан камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдеги окутуучулар тийиштүү адитик же даярдоо багыты боюнча бакалаврдан кем эмес жогорку кесиптик билимге ээ болушу керек.

Кесиптик циклдеги окутуучулардын сааттык курамын баалоодо өндүрүшчүлөрдүн 10 жылдан кем эмес эмгек тажрыйбасы болуусу эске алынат.

Штаттык окутуучулардын үлүшүбилим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санынын 80%ын түзүшү керек.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студент үчүн негизги кесиптик билим берүү програмасынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүү болуусу камсыздалышы керек. Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш (калыптануучу компетенцияларды эске алуу менен аныкталат).

Студенттердин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземпляр – нормативине жооп бериши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек. Билим берүү процессинде мыйзамдык актылар, ченемдик документтер, кесиптик-багытталган мезгилдүү басма материалдары колдонулушу керекю

КОББ программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын билим берү программасы калыптандыруучу компетенцияларды эске алуу менен КОББ калыптандыруучу лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш.

34. Кесиптик орто билим берүүнү ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге туура келүүчү кесиптик орто билим берүүнүн програмасын ишке ашыруучубилим берүү уюмунун окуу планында каралган студенттерди даярдоодо лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплина аралык даярдыктын бардык түрүн өткөрүүнү камсыздоочу материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш.

580300 «**Коммерция**» адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык камсыздалуунун болжолдуу тизмеси.

35. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүлүшүнө болгон талаптар Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинети тарабынан аныкталуучу, кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын жүргүзүү тартибин эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын кесиптик
орто билим берүүсүнүн
Мамлекеттик билим берүү
стандартына

**580300 «Коммерция» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик орто билим берүү программасынын түзүлүшү**

**Ченемдик окуу мөөнөтү: 1 жыл 10 ай**

| **Негизги кесиптик орто билим берүү программасынын түзүлүшү** | | **Негизги билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү** |
|---|---|---|
| | | **1 жыл 10 ай** |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый-илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл | 18<br>6<br><br>75 |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3-5-семестрлери |
| 2-блок | Практика | 15 |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 6 |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги били берүү программасынын көлөмү | | 120 |

**Кесиптик орто билим берүүнүн болжолдуу окуу планы**
**адистиги: 580300 «Коммерция»**
**квалификация:**
**окутуунун ченемдик мөөнөтү: 1 жыл 10 ай**

| | Окуу дисциплиналарынын аталышы (анын ичинде практикалар) | Жалпы эмгек сыйымдуулугу | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит менен | Саат менен | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **15** | **450** | | | | |
| 1.1 | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | | | |
| 1.2 | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| 1.3 | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | x | | |
| 1.4 | Чет тили | 2 | 60 | x | | | |
| 1.5 | Манас таануу | 2 | 60 | | x | | |
| 1.6 | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | x | | | |
| | **Бардыгы** | **15** | **450** | | | | |
| | **Элективдик бөлүгү** | 3 | 90 | | | | x |
| | **Бардыгы** | **3** | **90** | | | | |
| | ***Жыйынтыгы ОКББ 1:*** | ***18*** | ***540*** | | | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый-илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **4** | **120** | | | | |
| 2.1 | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| 2.2 | Информатика | 2 | 60 | | x | | |
| | **Бардыгы** | **4** | **120** | | | | |
| | **Элективдик бөлүгү** | 2 | 60 | | | **x** | |
| | **Бардыгы** | **2** | **60** | | | | |
| | ***Жыйынтыгы КОББ 2:*** | ***6*** | ***180*** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүгү** | **60** | **1800** | | | | |
| 3.1 | Уюштуруу экономикасы | 4 | 120 | | x | | |
| 3.2 | Товар таанунун теориялык негиздери | 3 | 90 | x | | | |
| 3.3 | Менеджмент (тармактар боюнча) | 5 | 150 | | x | | |
| 3.4 | Маркетинг | 7 | 210 | | | x | |
| 3.5 | Статистика | 3 | 90 | x | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.6 | Ишканалардын техникалык жабдылышы жана Эмгекти коргоо (тармактар боюнча) | 5 | 150 | | | x | |
| 3.7 | Коммерциялык ишмердикти уюштуруу | 5 | 150 | | x | | |
| 3.8 | Азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарлардын товар таануусу | 6 | 180 | | x | x | |
| 3.9 | Бухгалтердик эсеп | 3 | 90 | | | x | |
| 3.10 | Кесиптик ишмердикти укуктук камсыздоо | 2 | 60 | | | | x |
| 3.11 | Кесиптик ишмердиктеги маалыматтык технологиялар | 3 | 90 | | | | x |
| 3.12 | Метрология, стандартташтыруу жана сертификатташтыруу | 3 | 90 | | | | x |
| 3.13 | Жарнамалык ишмердүүлүк жана к Коммерциянын психологиясы | 5 | 150 | | | x | |
| 3.14 | Финансы, Салык жана салык салуу | 3 | 90 | | | x | |
| 3.15 | Сооданы уюштуруу | 3 | 120 | | | | x |
| | **Бардыгы** | **60** | **1800** | | | | |
| | **Элективдик бөлүгү** | **15** | **450** | x | x | x | x |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **75** | **2250** | | | | |
| **4.** | **Дене тарбиясы*** | | **жум. 2 с.** | | | | |
| **5.** | **Практика**** | **15** | **450** | | | | |
| **6.** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **180** | | | | |
| | «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы» боюнча Мамлекеттик экзамен | **1** | **30** | | x | | |
| | Адистик боюнча дисциплина аралык мамлекеттик экзамен/дипломдук ишти даярдоо жана коргоо | **5** | **150** | | | | x |
| | Экзамендердин саны (макс) | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | Курстук иштердин/долбоорлордун саны | | | | | 1 | 1 |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |

(*) дене тарбиясы жалпы эгмгек сыйымдуулугуна кирбейт

(**) практикалардын саны жана түрлөрү КООЖдун адистиктеринин өзгөчөлүгүнө жараша

**580300 «Коммерция» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн программасын ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык камсыздоонун тизмеси**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Ченемдик маанилери |
|---|---|---|
| 1. | 2 сменалык сабактарды эске алуу менен 1 студентке туура келген пайдалуу аянт (кв.м.) | 7 |
| 2. | Белгиленген билим берүү программаларын ишке ашырууга мүмкүнщдүк берүүчү жабдылган окуу кабинеттеринин, компьютердик класстардын, практикалык жана лабораториялык сабактарды өткөрүү үчүн объекттердин болуусу | В соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов |
| | **Кабинеттер:**<br>социалдык-экономикалык дисциплиналар,<br>кыргыз тили жана адабияты<br>орус тили жана адабияты<br>чет тили,<br>математика жана информатика,<br>тармактын экономикасы жана менеджменти,<br>экология, ЖТК жана эмгекти коргоо,<br>жыйынтыктоочу аттестацияга даярдык көрүү, методикалык.<br><br>**Лабораториялар:**<br>Маалыматтык технологиялар (компьютерлер 1:12) химия;<br>Метрология жана стандартташтыруу;<br>микробиология, санитария жана гигиена;<br>товар таануу жана товарлардын сапатынын экспертизасы, Азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарлардын товар таануусу | |
| 4. | Жыйындар залы (бирд. саны.) | 1 |
| 5. | Спорт зал (бирд. саны.) | 1 |
| 6. | Ашкана (бирд. саны.) | 1 |
| 7. | Медпункт (бирд. саны.) | 1 |
| 8. | Окутуучу/студент катышы | 1:12 көп эмес |
| **4. Окутуунун сырттан жана күндүзгү-сырттан формасындагы студенттердин санынын окутуунун күндүзгү формасындагы студенттердин санына катышы ***** | | 1:1 |

580300-« **Коммерция**» адистиги боюнча аталган стандарт базалык билим берүү мекемесиндеги – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Экономика жана сервис колледжинин алдындагы КОББ ББМСти иштеп чыгуу боюнча Окуу-усулдук кеңеши тарабынан иштелип чыкты.

| | | |
|---|---|---|
| | **ОМК төрагасы**, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун проректору, э.и.к., доцент | Турсуналиева Д.М. |
| | **ОМК төрагасынын орун басары**, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Экономика жана сервис колледжинин директору | Кадырова М.К. |
| | **Жооптуу катчы**, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун окутуучусу | Кубанычбекова А.А. |
| | **ОМК мүчөлөрү:** | |
| 1 | М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Соода жана ресторандык бизнес институтунун директору, т.и.д., профессор | Алымбеков К.А. |
| 2 | М.Рыскулбеокв атындагы КЭУнун “Товарларды изилдөө, товарлардын сапатын экспертизалоо жана ресторан бизнеси”кафедрасынын ага окутуучусу | Ишкеева А.К. |
| 3 | Өнөр жайчыларынын жана ишкерлеринин бирикмесинин **аткаруучу вице-президенти** | Борончиев Ш.И. |
| 4 | «Фрунзе» чекене тармактын HR-директору | Дарбекова А.К. |
| 5 | «Жаннат» отелинин азыктануу жана сервис бөлүмүнүн директору | Курманалиева Г.Т. |